КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ

АЛА - АРЧА
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

724324 Мрамор айылы
Юбилейная көчөсү № 1

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН

АЛА - АРЧИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

724324 с. Мраморное
ул. Юбилейная № 1

**АЛА-АРЧА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 28 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 19 ОТУРУМУ**

# Т О К Т О М № 89

**05 - октябрь 2023- жыл**

## "Жер мунапысын жүргүзүү боюнча"

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291 "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Токтомун ишке ашыруу максатында Ала – Арча айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Ала-Арча айыл аймагынын Рассвет айылында курулган турак-жайлардын ээлеринин тизмеси тиркемеге ылайык (59 киши) бекитилсин;
2. Андан сырткары калктуу конуштун ичинде Мраморное айылында жайгашкан жеке турак жайларды мыйзамдаштыруу максатында тиркемеге ылайык 1 кишинин тизмеси бекитилсин;
3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291 Токтому менен бекитилген "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого" ылайык Ала-Арча айыл аймагынын Рассвет айылынын курулуп калган үйлөрдүн жер тилкелери ээлеген аянттарына жараша негизинен такталып бекитилсин;
4. Бул токтомдун аткарылышы Ала–Арча айыл өкмөтүнүн башчысы Г.Э.Ниязовага жүктөлсүн.

**Ала-Арча айылдык кенешинин төрагасы** **Н.Б.Мажитов**